КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУ
ТҮП АЙЫЛДЫК АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ ТЮПСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын XIX- сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**2. 03. 2023 жыл № 154** **Түп айылы**

**"Түп айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчиктеги айрым имараттарды аукцион аркылуу сатууга уруксаат берүү жөнүндө "**

Күн тартибиндеги Түп айыл өкмөтүнүн өкмөтүнүн муниципалдык менчиктеги айрым имараттарды бузууга жана аукцион аркылуу сатууга уруксаат берүү жөнүндөгү маселени карап чыгып талкуулап Түп айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын XIX -сессиясы **токтом кылат**:

1. Түп айыл өкмөтүнө караштуу Түп айылынын Боромбай көчөсүндө жайгашкан азыркы мезгилде жеке оорукана ээлеп турган, мурдагы эски терапия бөлүмүнүн имаратын аукцион аркылуу сатууга;

2. Түп айылынын Мокоев көчөсүндө жайгашкан, мурдагы эски социалдык коргоо башкармалыгы жайгашкан имаратты аукцион аркылуу сатууга;

3. Түп айыл өкмөтүнүн имаратынын арты жагында жайгашкан күрөш залынын имаратын аукцион аркылуу сатууга;

4. Түп айыл өкмөтүнүн имаратынын арты жагындагы жайгашкан Түп айыл өкмөтүнүн гаражын аукцион аркылуу сатууга макулдук берилсин.

5. Аукционду КР мыйзамдарына ылайык өткөрүлүүсү камсыз кылынсын жана аукциондон түшкөн акча каражаттары айыл өкмөттүн эсеп кысабына түшүрүлсүн.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Түп айылдык кеңешинин бюджеттик туруктуу комиссиясына жана Түп айыл өкмөтүнүн башчысы Чоркозов Э. А. жүктөлсүн.

**Төрайым** **А. О. Орозбекова**